Институтционалдык аккредитация №1 тиркеме

-Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011 -жылдын 12- сентябрдагы №541токтому менен Марат Темиров атындагы жалпы орто билим берүү мектебинин Уставы бекитилген. Мектептин уставынын мектептин түзүмдүк бөлүмү жөнүндө жобонун билим берүү жаатынын ишин жөнгө салган жергиликтүү актылардын негизинде жүргүзүлөт.

Мекеменин уставына ылайык Кыргыз Республикасынын регистрациялык карточкасы бар. ИНН 02604200410259 Берилген күнү 09.04.2013-жыл.

Алгачкы мамлекеттик каттоо күнү: 26-апрель 2004-жыл.

**Юридикадык жактан мамлекеттик кайра каттоо жөнүндөгү күбөлүктүн номери-** Ысык – Көл облустук юстиция башкармалыгы тарабынан 2013-жылдын 09 -апрелинде каттоодон өткөн Күбөлүк № 96228-3302-М-е

Ысык – Көл облусунун Түп районундагы Корумду айылында Марат Темиров атындагы орто мектеби 1921-жылдан бери иштеп келе жатат. Мектеп азыркы аталышты 1991-жылы кабыл алган. Окутуу кыргыз тилинде жүргүзүлөт.

Окуучуларга билим берүүдө билим берүүнүн сапатын камсыздоо боюнча мектепте окутуунун – тарбиялоонун планы иштелип чыгып миссия, максат коюлуп, 2020-жылдын 24-августунда №01 педагогикалык кеңештин чечими менен бекитилип, Талды- Суу айыл өкмөтүнүн башчысы Мамбеталиева Айнура Аалыевна менен 2020-жылдын 28-августунда макулдашылды. Түп райондук билим берүү бөлүмүнүн башчысы Такаев Адылбек Жумадылович менен 2020-жылдын 28-августунда макулдашылган.

-Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министрлигинин №475/1 2020-жылдын 18-июнундагы бекитилген буйругунун негизинде райондук билим берүү менен макулдашылып, жалпы орто билим берүү окуу планы бекитилди. Билим берүү максаты мамлекеттик стандартка ылайык түзүлгөн. Окуу жүктөмү билим берүү программасы боюнча мамлекеттик стандартка ылайык Марат Темиров атындагы жалпы орто билим берүү мектебинин окуу жүктөмү райондук билим берүү бөлүмү тарабы менен макулдашылып, №50 буйрук менен 517 саат бекитилген.
Мектепте 19 класс бекитилген. Бардык 19 класс кыргыз тилинде окутулат. Класстардын комплектелишинин орточо толушу 94%

-Кыргыз Республикасынын билим берүү жана илим министрлигинин 2019-жылдын 03-сентябрындагы №17 буйругунун негизинде 480 сааттык Мектепке чейинки даярдоо программасы мамлекеттик стандарттын негизинде иш алып барды.

**Окуу пландын аткарылышы:**

480саат-33жумага чейин;

1-класс-33жума

2-4-класстар-34жума

5-11-класстар-экзамен берүү күндөрүн эсепке алганда -34-36жума

Сабактардын өтүү убактысы: 1-класстарга 40мүнөт, 2-11-класстарга 45 мүнөт окутулат. Мектепте 1-2-кезмет менен окутулат. 1-кезметте 8:00дөн 13:00чейин, 2-кезмет 13:30дан 18:30га  чейин билим алышыт. Окуу жылынын ичинде каникулдардын узактыгы 30 календарлык күндөн кем эмес. Жайкы каникулдун узактыгы 12 календарлык  жуманы түзөт. 1-класстын окуучулары үчүн 3-чейректе кошумча 1жумалык каникул берилет.

Марат темиров атындагы жалпы орто билим берүү мектебинде окутуунун натыйжаларын сапатын камсыздоодо педагогикалык жамаат Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн мамлекеттик стандартын ишке ашырууда 2015-2016-окуу жылынан баштап башталгыч класстарды окутууда компетенттүүлүктөрдү камтуу менен сабактар өтүлүүдө. Билим берүүнүн сапатын камсыздоодо мектеп ичинде  4 усулдук бирикме иш алып барат.

- Башталгыч класстардын усулдук бирикмеси
- Гуманитардык усулдук бирикме
- Лингвистикалык усулдук бирикме
- Табигый – так илимдер усулдук бирикмеси.

Усулдук бирикмелери биргеликте иш пландарын талкуулап, биргеликте планын түзүп мектеп  директоруна бекиттирип алат. Түзүлгөн пландын негизинде иш алып барышат жана чейректик, жылдык мониторингдердин диаграммаларын түзүп чыгышат.